*Усеналиева Г.С.*

# С.НААМАТОВДУН «АЯЛ» ЫРЛАР ЦИКЛИ ТУУРАЛУУ

20-кылымдын 2-жарымында кыргыз адабиятында проза, поэзия жанры өнүгө баштады. Жаңы маданият менен адабияттын өнүгүшүнө кеңири жол ачып, өз тегерегине чыгармачыл жаштарды топтогон «Эркин-Тоо» гезити менен «Жаңы маданият жолунда» журналынын жарыкка чыгышы элдин сабатсыздыгын жоюу жана окуп, билим алууну көздөгөн жаштар үчүн чоң жаңылык болгон. Гезит-журналдар элдин сабатсыздыгын жоюуда мугалимдерге, окуучуларга чоң көмөк көрсөтүп, окуу китептеринен кийинки орунду ээлеген. Чыгармачыл жаштар гезит-журналдарга өздөрүнүн аңгеме, ырларын жарыялашкан. Окурмандар С.Нааматовдун методикалык макалалары жана чыгармалары менен да ушул журнал аркылуу таанышып турушкан.

С.Нааматов ошол жылдардагы кыргыз жазуучуларынын алгачкы муунунун өкүлү, кыргыз адабиятынын баштоочуларынын алдыңкы катарында тургандардын бири катары таанылган. Ал чыгармаларын «Эпкин» жана Сатыбалды деген жашыруун ат менен жарыялаган. Анын чыгармачылыгы жөнүндө адабиятчы З.Бектенов: «Ошол мезгилде кыргыз жазуучуларынын ичинен кара сөз менен аңгеме жазгандардын чеберлери: К.Тыныстанов, С.Карачев, К.Баялинов, С.Нааматов, У.Абдукаимов, Т.Байжиевдер болчу», - деп эскерет. [2]

З.Бектенов эскерүүсүндө С.Нааматовдун таланттуу жазуучу экендигин, «Барса келбес сапарын» бүтпөй калгандыгын, эгер бүтсө жакшы повесть болмогун да белгилеген [2]. «Барса келбес сапар» жанрдык жактан айрым изилдөөчүлөр тарабынан повесть деп берилсе [1], айрымдары тарабынан аңгеме деп таанылат [5]. С.Нааматов чыгармасын «узун аңгеме» деп берген. Автор өзү аңгеме менен повесттин айырмачылыгын билгендиктен ушундай берсе керек. Аталган повесть «Жаңы маданият жолунда» журналынын 1929-жылдагы № 3, 4, 5, 6, 7 сандарына жарык көрүп, кийин аягына чыкпай калган.

Жазуучунун тестиер балдарга арналган «Жөжөлөр», «Молдо Сасык», жаңы замандын артыкчылыгын, аялдардын эркиндигин чагылдырган «Тынымкан» сыяктуу аңгемелери бизге белгилүү. С.Нааматов:

Оку да жаз!

Эмгекчил эл эзилген.

Ал заманда

Окуу кайда?

Көзүңдөн жаш эшилген.

Бул заманда –

Талаа, шаарда

Окууга жол абдан кең.

Караңгылык –

«Чылык, чылык»

Бездирбезин окуудан, - деп билим алууга чакырган ырын жазган.

Автор мейли аңгемелеринде болсун же окуу китептери үчүн тандалган тексттерде болсун, ошол мезгилдин көйгөйү болгон аялдар темасынан кыйгап өтө алган эмес. Буга анын атайын аялдарга арналып, актуалдуу темаларды камтыган 1-окуу китеби «Тунгучу» (окуу китеби 40 беттен турат) жана 1929-жылы «Жаңы маданият жолунда» журналына жарыяланган «Аял» ыры далил. С.Нааматов ырында аял темасын ачып бере алган. А.Токтомушев С.Нааматовдун поэзияны жакшы көрүп, жакшы талдаарын, өтө эмгекчил, токтоо сүйлөгөн, сабырдуу адам болгондугун эскерет. Адабиятчылар К.Иманалиев менен А.Мусаев С.Нааматовдун алгачкы акындардан болгонун белгилешип, улуттук басма сөзгө өздөрүнүн ырларын, поэмаларын жарыялашкан, жаңы поэзиянын пайда болушуна жана өнүгүшүнө белгилүү деңгээлде эмгек сиңиришкен Ж.Жамгырчиев, Б.Кененсариев, С.Карачев, М.Токобаев, С.Нааматовдун поэтикалык тажрыйбалары жөнүндө белгилешкен [6].

«Аял» ыры төрт бөлүмдөн тургандыктан цикл катары каралат да, «Көкүрөктө дарт, көздө жаш» деген темача менен башталат. «Экинчи бөлүм «Тарыхы из уул», менен үчүнчү бөлүм «Макалдар» деп аталат. «Молдонун шарыяты» деп аталган биринчи бөлүмдө молдонун элди алдаган терс жактары берилет. «Макалдарда» молдонун «Ургаачынын чачы узун, акылы кыска, аялда акыл бир нукум, эки аял араң бир күбө» деген сөзүнө каршы туруп, аялдарга «сай сөөгүн бадыраткан макалды уккан соң, талпынып аял тууңду ал» деп кайрылат. «Киши дебейлик – кырк жылкы» деп аялзатын кордогон, укугун чектеген кемсинтүүлөрдүн туура эмес экендигин көрсөтөт. Ошол кездерде айылдык молдолор келин-кыздардын окуусуна каршы болушкан. Бул тууралуу С.Нааматов окуу китептеринде да кайрылган. Алсак, Кеңеш мыйзамы боюнча аял менен эркектин бирдейлиги, аялдар партияга мүчө боло алары, шайлоого катышууга укугу бар экендиги жөнүндөгү тексттерди статьялары менен бирге берип келген. Ал аялдарды 1920-жылдары кыргыз турмушуна жаңыдан кирип жаткан өзгөрүүлөрдү тааный билүүгө жана аларга активдүү катышууга үндөгөн.

Акын ырлар циклинин «Эркектер» бөлүмүндө:

Онтолоп кечтүү-эртелүү,

Он ай ким сени көтөрдү?

Омуртка этин сыздатып,

Он ай аял кеселдүү.

Эркекти ичте туйлатты,

Кимге да болсо белгилүү.

Аялды толгоо чарчатты,

Асманга жетти зар үнү.

Маманы уулга ким берет,

Мамадан уузду ким эмет?

Торолгончо уулу

Кордукту эне көп көрөт.

Түн уйкусун төрт бөлүп,

Отко күйүп, сууда өлөт.

Бутуна кирбей уулумдун

Көзүмө түшсүн тикенек, -деп баласын канаттууга жактырбай, тумшуктуугa чокутпай эрезеге жеткирген эне экендигине кайрылат [4, 37-38]. Эркектерди эненин эмгегин сыйлап, мээримин сезүүгө чакырат.

«Кыргыз совет адабиятынын тарыхында» поэманын айрым элементтери С.Нааматовдун «Аял», К.Маликовдун «Ким эмне дейт» ырлар циклинде жолугат деп жазылганын эске алсак [3, 63], анда автордун «Аял» ыры, «Түштүктөгү жер төңкөрүшү» поэмасы аркылуу өзүнүн талантын поэзия жанрында да сынаганына күбө болобуз. «Аял» ырлар цикли кыргыз поэзиясынын өнүгүшүнө салымын кошкон. Ошол учурда кыргыз жазма адабияты жаңыдан телчигүү мезгилинде тургандыктан, жарыкка чыккан мындай чыгармалар коомчулук тарабынан жылуу кабыл алынып, сабаттуулукка үйрөнүүдө орду зор болгон. Азыркы мезгилде гендердик саясатта каралган аялдардын тең укуктуулугуна С.Нааматов 20-жылдарда эле көп кайрылып, аялдарга ар тараптан колдоо көрсөтүп турган. .Элибиздин сабатсыздыгын жоюуга белсене киришкен агартуучу, методист, адабиятчы атабыздын жасаган иштерин кийинки муундар унутушпайт. Ал тарыхта өз ордун тапты.

**Адабияттар:**

1. К. Артыкбаев. Кыргыз адабиятынын тарыхы.- Ф.: 1982. .

2. З. Бектенов. Замандаштарым жөнүндө эскерүү. -Б.:1992.

3. Кыргыз совет адабиятынынтарыхы. 2 томдук.-Фрунзе: Илим.1987, 1-том.

4. «Жаңы маданият жолунда». 1929. №6-7, 37-38-бет.

5. К. Артыкбаев. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы.-Б.:2004.

6. «Кыргызстан маданияты», 23.02.1989.

***Рецензент: ф.и.к. Сатылган кызы Г.***